# Чындык издеген Чипко



Автор: Джеянти Монакаран
Сүрөтчү: Джеянти Монакаран
Которгон жана адаптациялаган: Марлэн Матназаров

# Чындык издеген Чипко

Автор: Джеянти Монакаран
Сүрөтчү: Джеянти Монакаран
Которгон жана адаптациялаган: Марлэн Матназаров

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чындык издеген Чипко" (кыргыз тилинде), Марлэн Матназаров тарабынан которулуп адаптацияланган. Chipko takes root (англисче) чыгарманын негизинде, автору жана сүрөтчүсү Jeyanthi Manokaran, Pratham Books © 2015 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: [https://storyweaver.org.in/stories/8905-chipko-takes-root](https://storyweaver.org.in/stories/8905-chipko-takes-root)

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Чипко бүгүн өзгөчө көңүлдүү. Балдар менен чогуу даракка чыкты. Бутактан бутакка секирип, шайыр-шатман. Мойнуна илип алган добулбасын каккылап, ырдап коёт.


Анын Дабан жана Доочу деген эки агасы бар. Доочу агасы азыр жанында. Балдар чытырман токой, дарак жөнүндө ырдап жатышты.



Капысынан аркы өйүздөн бирөө кыйкырды:

– Батыраак, бул өйүзгө өткүлө! Чоң энең ооруп жатат, эртерээк келгиле!

Бактан түшүп, дарыя жээгине келишти. Агасы Дабан сууга тор жайып, балык кармап жатыптыр.



– Чоӊ энем ооруп калыптыр, уктуӊбу? – деди Доочу.

– Качан? Анда сен атты мин да, тезинен бара кал. Мен Чипкону суудан өткөрүп, чогуу барам, – деди агасы Дабан. Доочу атты минген бойдон узап кетет.



Чипко көйнөгүнүн этегин түрө салып, таштан-ташка секирип жөнөдү.



Суу ташкынын кайдан деп болбойт. Заматта дарыядагы суу киргилденип, ташкындай баштады. Дабандын оюнда Чипко! Карындашы сууга агып кетпесе экен!

Чоң-чоң таштар агылып келе баштады. Дабан кайраттанып, таштарга көкүрөгүн тосту. Чипкого тийгизбөөгө аракет кылды. Канчалык денеси ооруп жатса да, чыдады. Антпесе суу агызып кетпейби?!



Суу ташкыны аларды аяган жок. Чипконун бутуна селден агылган таштар катуу тийип жатты. Ал абдан коркту. Дабан эптеп аны жээкке чыгарды. Суудан тырмалаңдап чыгарда, анын бутуна бир нерсе согулду. Агып келген таш Дабанды сууга сүрүп жиберди. Суу жээктеп келгендер аны куткарууга чуркап калышты...



Чипко дарыядагы коркунучтуу окуяны эстеген сайын ыйлайт. Бир буту тизесине чейин сенек болуп калыптыр. Дарыгерлер келишти. Колуна балдак карматышты. Керектүү дарыларды беришти. Агасын шаардагы ооруканага алып кетишти. Буга чейин бул сууну кечип эле жүрүшкөн.

Күтүүсүздөн суу ташкындай тургандыгын эч кимдин оюна келген эмес.



Көрсө, суу башында жер көчкү жүрүптүр. Себеби, токойдогу карагайлар кыйылып, жер кыртышы бошоп калган экен.

Ал эми токойду бут кийим чыгаруучу бир компания кыйган. Чипко ушунун баарын айылдагы улуу адамдардан укту. Бир гана эр жүрөк агасы Дабан жөнүндө эч кимден сурап биле алган жок.




Чипконун үй-бүлөсү сарсанаа болуп жатты. Чоң энеси бир нерсе деп күңкүлдөдү. Доочу ага таарынып, төшөккө жатып алды. Чипко бул абалдан чыгуунун жолун издеди.



Ал бүгүн дайыма ойноп жүрчү тал түбүнө келди. Бутактагы уяны көрдү. Канча шамал болсо да, уя жерге учуп түшпөйт. Себеби чымчык уяны саларда абдан мээнет кылып, бекемдеп койгон. Чипко уя турган бутакка мурдагыдай секирип чыккысы келди. Кыялында балдагын таштап коюп, дарак башында ырдап отурду.



Чипконун үй-бүлөсү дагы эле капаланууда. Буга Чипко кайра көңүлү чөгөт. Кыялында уяны эстейт. Бул уя катуу шамалга да туруштук берчү эле! Чипко да талдай бекем боло алар бекен?!



Күндөрдүн биринде айылда чоң жыйын болду. Эл токойду кыйып жаткан компанияга нараазы экенин билдирди. Токойду кыйганды токтотуу керектигин айтышты.

Чипко дарак түбүнө келип, элдин айткандарын көпкө чейин ойлоп отурду.



Бир күнү Чипко балдагын колуна алып, балдарга кошулуп токойго барды. Мойнундагы асма добулбасын каккылады.



– Токойду кыйган болбойт, токой бизге таза аба, суу берет! Жер кыртышын бекемдейт! – деп кыйкырып жатышты. Балдар токойдогу дарактарга “Кыюуга болбойт!” деген белгини чаптап кете беришти.



Компаниянын балта көтөргөн кызматкерлери жетип келишти. Карагайдагы белгилерди көрүп, таң калышты. Алар токойду кыюуга келишкен эле.



Ошол учурда айылдагы элдин баары жыйналып келди. Асма добулбастарын каккылап:

– Токойду кыйбагыла! – деп кыйкырып жатышты.



Чипко ал күнү жолдо ойлонуп келди. Тааныш даракты карап: – Эч ким силерге тийбейт, сени да эч ким кыйбайт, – деп кучактады.



Тигине, компаниянын кызматкерлери автобус менен дагы келишти. Алар балталарын көтөрүп түшүп жатышты. Чипко тал далдаасынан уурданып карап тура берди.



Апасы жолдон тосуп чыкты.

– Апа, токойду булар кайра кыйбайбы? – деп, ыйлады Чипко. Ал ошол күнү көпкө ойлонду.



Колуна балдагын, добулбасын бекем кармап, Чипко көчөгө чыкты. Башка балдар да ага кошулду. Ал эмес, чоңдор да четтен келе башташты. Алар:

– Токойду кыйбагыла!

– Токой бизге таза аба, суу берет!

– Жер кыртышын бекемдейт! – деп кыйкырып жатышты.



Акырында дарак кыйгандардын арасынан бирөө:

– Жумушсуз калсам да, мейли. Элдин айтканы туура. Биз жер-сууга эле эмес, адам өмүрүнө да залал кылдык! Мен дагы силерди колдойм! – деди. Калган кызматкерлер анын сөзүн кубатташты. Балталарын таштай башташты. Мына ошентип компания токой кыюудан аргасыз баш тартты.



Чипко менен балдар добулбастарын какты. Токойдогу дарактардын жалбырактары дирилдеп, элге да, Чипкого да ыракмат айтып жаткансыды.

Эми бул айылда кутуусуз суу ташкыны да, жер көчкүсү да болбойт! Адам өмүрүнө коркунуч келтирген кырсык кайталанбайт!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Джеянти Монакаран
Сүрөтчү: Джеянти Монакаран
Которгон жана адаптациялаган:
Марлэн Матназаров



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | **4.2 деңгээли** |